DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Токоева Г.С., Кожоназарова Ы.М., Мурзакметов Т.Т.*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ДҮЙНӨТААНЫМЫНДАГЫ АДАМ ЖӨНҮНДӨГҮ ИЛИМГЕ ЧЕЙИНКИ КӨЗ КАРАШТАРЫ

*Токоева Г.С., Кожоназарова Ы.М., Мурзакметов Т.Т.*

# ДОНАУЧНЫЕ ПРЕДСТАВЛЕНИЯ О ЧЕЛОВЕКЕ В МИРОПОНИМАНИИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

*G. Tokoeva, Y. Kozhonazarova, T. Murzakmetov*

# THE PRE-SCIENTIFIC REPRESENTATIONS ABOUT OF HUMAN IN THE WORLDVIEW OF THE KYRGYZ PEOPLE

*УДК: 101.1.316/356*

*Учурда адамдын уникалдуулугун жана анын жоопкерчилигин таанып билүүгө болгон кызыгуулар өсүп жатат. Анткени, ой жүгүртүүнүн жаңы парадигмаларын түзүү зарылдыгы жаралууда. Кыргыздардын илимге чейинки билимин изилдеген эмгектердин көптүгүнө карабастан, элибиздин адам тууралуу илимге чейинки билимдерин чагылдырган эмгектер иш жүзүндө жокко эсе. Изилдөөнүн актуалдуулугу кыргыз элинин дүйнө таанымындагы илимге чейинки адам жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүн изилдөө болуп саналат. Азыркы кыргыз философиясында адамдын болмушуна байланыштуу изилдөөлөр бир кыйла актуалдуу маселе болуп калды. Биздин изилдөөнүн максаты катары илимге чейинки адамдын «адам-адам», «адам-табият», «адам-коом» дихотомиясындагы түшүнүгүн анализдөө болуп саналат. Изилденип жаткан маселенин методологиялык негизин диалектиканын жалпы универсалдуу принциптери, универсалдуу байланыш, тарыхый жана логикалык анализ менен синтездин биримдиги, абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүүчүлүк түздү. Кыргыздарды таанып билүүсү узак убактардын бери мифопоэтикалык формада, биринчи кезекте баатырдык жана кенже эпостордо, ошондой эле ар кандай мифтерде, жомоктордо, макал-лакаптарда, учкул сөздөрдө, жазма булактарда ж.б.у.с. сакталып келген.*

***Негизги сөздөр:*** *адам, дүйнөтааным, жаратылыш, коом, философия, миф, болмуш, кыргыздардын дүйнөтаанымы, адам болмушу.*

*В современных условиях повысились требования к познанию уникальности человека и его ответственности. Ибо, возникло необходимость в установлении новых парадигм мышления. Кроме того, актуальность исследования обусловлена тем, что несмотря на большое количество трудов, исследовавших донаучное знание кыргызов, практически нет работ, где были бы исследованы донаучное представление о человека в миропонимании кыргызского народа. Поэтому, в современной кыргызской философии существенно возросла актуальность исследований, связанных с бытием человека. Целью данного исследования является изучение донаучного представления о человеке в дихотомии «человек-человек», «человек-природа», «человек-общество». Методологической основой исследуемой проблемы послужили общие универсальные принципы диалектики, всеобщая связь, единство исторического и логического анализ и синтез, восхождение от абстрактного к конкретному. Познание человека у кыргызов длительное время осуществлялось в мифопоэтической форме, и в первую очередь в героических и малых эпосах, а также различных мифах, сказках, пословицах, поговорках, изречениях, письменных источниках и другие.*

***Ключевые слова:*** *человек, миропонимание, природа, общество, философия, мифология, бытие, миропонимание кыргызов, бытие человека.*

*In modern conditions, the requirements for the knowledge of the uniqueness of a person and his responsibility have been increased. Since, there is a need to establish new paradigms of thinking. In addition, the relevance of the study is due to the fact that despite the large number of works that have studied the pre-scientific knowledge of the Kyrgyz, there are practically no works where the pre-scientific idea of a person in the worldview of the Kyrgyz people would be investigated. Therefore, in modern Kyrgyz philosophy, the relevance of research related to human existence has significantly increased. The purpose of this study is to study the pre-scientific idea of a person in the dichotomy "man-man", "man-nature", "man-society". The methodological basis of the problem under study was the general universal principles of dialectics, universal connection, the unity of historical and logical analysis and synthesis, the ascent from the abstract to the concrete. The knowledge of man among the Kyrgyz for a long time was carried out in a mythopoetic form, and primarily in heroic and small epics, as well as various myths, fairy tales, proverbs, sayings, sayings, written sources, etc.*

***Key words:*** *man, worldview, nature, society, philosophy, mythology, being, Kyrgyz worldview, human being.*

Байыртан бери кыргыз элинин илимге чейинки астрономиялык, астрологиялык, географиялык, экологиялык билимдери жана реалдуулукка карата элестөөлөрү өнүгүүгө жетишкен. Мындай аң-сезим көчмөн турмушта жашагандыктан, табият кубулуштарын дайыма эске алууну, жыл мезгилдеринин алмашуу өзгөчөлүктөрүн алдын ала билүүнү талап кылынган. Асман телолорунун кыймыл-аракетин байкап, жылдарды эсептөө ыкмасына жана эмпирикалык тажрыйбага таянып, «эсепчилердин» алдын ала чыгарган божомолдору көпчүлүк учурда дал келген. Алдын ала баамдап айтуучулар кыш, жай мезгилдеринде болуучу табият кубулуштарын божомолдой алышкан. Бул кубулуштардын себеп-натыйжалык көз карандылыгын, мүмкүндүк жана чындыгын аңдап билгендигинен кабар берет. Кылымдар боюу реалисттик тажрыйба топтолуп, элдин эмпирикалык билимдеринде жаратылыш кубулуштары менен процесстерде циклдүүлүк, кайталануучулук жүрө тургандыгы тууралуу көз караштар калыптанган.

Кыргыздардын тарыхый эстеликтеринин бири

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Фергана тоо кыркаларынын Көк-Арт ашуусундагы чегилип жасалган коло дооруна таандык – Саймалы-Таш сүрөт-жазмасы бул жөнүндө баалуу маалыматтарды берет. Анда астрономиялык билимдердин реалдуулугун казанбак белгисинен көрүүгө болот, анткени асман жана аны көтөрүп турган адам кудай маани-маңызында сүрөттөлүп, бир нече сүрөт-жазма эстомпаждарда Аалам көрсөтүлүп, асман белгисинде болуп, ал асманды «адам-кудай» түртүп тургандыгы чагылдырылган. Аалам менен бирге эстомпаждардагы кыймылдуу жылдыздар элесинин бардыгын бир нече сүрөт-жазмалар далилдейт. Бул жөнүндө төмөндөгүчө белгиленет: «Кыймылдуу жылдыздардын аалам казанбагындагы болгон мындай берилиши алардын өзүн эле аныктабастан, алдыңкы казанбактарды да кошо тактап турат. Тагыраак айтканда, булар – анын ар түрдүү жарым айлана кесиндилеринде келген элестери. Мындан тышкары, булар анын жарыкка, Күнгө, Күн нуруна, Күн нурунун теке айындагы болгон тийүүсүнө байланыштуу чегилгендигин билдирет» [1, 77-б.]. Бир нече сүрөт-жазма эстомпаждарда Күн тоголок тартылып, адам сымал антропоморфтук чагылдыруу табат, бул көрүнүштү «Күндүн теке айындагы толгон чеги, эң узун күн учуру, андан ары аалам казанбагы, андагы кыймылдуу жылдыздарды, алардын элестери» [2, 87-б.] катары түшүндүрөт. Бул байыркы кыргыздардын астрономиялык, астрологиялык түшүнүктөрүнөн кабар берүү менен адамды дүйнө борборуна койгондугун билдирет.

Байыркы кыргыздардын эмпирикалык медициналык билимдери көчмөндөрдүн турмуштук тажрыйбасынын негизинде жана элдик дарыгерлердин каражаттарды пайдалануусунун улам кеңейтилген жана элге жайылган. Элдик медициналык ыкмалар илимге чейинки билимдердин бир түрү катары уланып, байыркылардын көз карашы боюнча адам организми ысык жана суук башталыштардан турат: адамдын ооруп калышы ушул эки баш башаттын ортосундагы шайкештиктин бузулушунан улам пайда болот деген ишеним орногон. Демек, кыргыздардын ой жүгүртүүсүндө адамдын организми карама каршылыктан турган бирдиктүү бүтүндүк катары кабылданат.

Илимге чейинки билим боюнча адам жашоосунда циклдүүлүк, салыштырмалуу кайталануучулук жана ырааттуулук, биринен кийин экинчиси келүүчүлүк жүрө тургандыгын аңдап билишкен. Калыптануу жана жок болуу, төрөлүү жана өлүү, жаңылануу жана эскирүү жаратылыш кубулуштары менен коомдук турмушка эле тиешелүү болбостон адамга карата да таандык экендигин түшүнгөн. Ар кандай процесске же кубулушка ырааттуулук таандык: баштапкы абалдан чыгуу, мурунку абалга караганда кийинкисинде жаңычылдыктын болушу сыяктуу көз караштар жашаган.

Байыркы кыргыздардын космогониялык дүйнөтаанымына ылайык «адам-табият» бүтүндүк катары кабылданат жана адам жаратылыштын бир бөлүгү деп билет. Табият адам болмушунун реалдуу шарты, жайгашкан орду, жашоосунун мүмкүндүгү. Ансыз кишинин турмушу мүмкүн эмес, ошондуктан кыргыздардын антропоморфтук көз карашы боюнча, адам ар дайым табият менен гармонияда жашоосун зарылдык деп билишкен. Бул тууралуу М.Жумагулов адам табиятты ыйык көрүп, анын алдында сыйынып, өзүнүн болмушунун башбашталмасы катары тааныганын, бүтүндүктүн бөлүгү экендигин жазат [3, 12-13-бб.].

Кыргыздардын илимге чейинки билимдеринин реалдуулугун элдик оозеки чыгармачылык да ырастайт. Адам феномени «Манас» эпосунда башкы каарман Манастын образы аркылуу ачылат. Анда жогорку нравалык идеалдар, кең пейилдиги, эркиндикке, жакшылыкка, адилеттүүлүккө, моралдык-этикалык баалуулуктардын үстөмдүк кылышына умтулушу аркылуу инсандык маселелер ачылат. Адам болмушу – реалдуулук, мезгил менен мейкиндиктин чегиндеги барлык. Жеке адамдын жашоосу түбөлүк болбой тургандыгы, жашоо менен өлүмдүн диалектикалык байланышы, жашоодо дайыма күрөш болору, кыймыл аракетсиз, аң-сезимдүү ишмердиксиз адам жашоосу максатына жетпестиги айгинеленет. Ошондуктан мифопоэтикалык аң-сезимге ылайык адам – эң жогорку баалуулук, табияттын акыл-эстүү жандыгы.

Кыргыз макал-лакаптарында «акылдуу» жана «акылсыз» деген түшүнүктөр аркылуу адамдын социалдык жагы түшүндүрүлөт. «Акылдуу мактанса, ишти тындырат, акмак мактанса бутун сындырат» – деген макал бар. Ошондой эле «Акылдуу миң азаптан кутулат, акылсыз бир азапка тутулат» [4, 31-б.] дешет. Андыктан акылдуу адам менен жанаша жашоо көп ийгиликке алып келерин, акылсыз кыйынчылыкка дуушар кыларын эскертет: «Акылдуунун алды менен жүр, акмактын арты менен жүр». Акылдуу адам кыска жана анын айтканы баары үчүн нуска экендигин, өзү өлсө да сөзү өлбөй турганын, акыл менен көп өнөргө жетери жогору бааланат. Акылдуу, акылман адам өзүнүн жеке пикири менен элге жагат, жогорку баага татыйт. Ошондуктан, акыл – адамдагы баалуулук, анын инсандыгынын белгиси. Адамдын акылы негизги курал экендигин билдирген «Кылыч курал эмес, акыл курал» – деген макал – акыл бар жерде куралдын да кереги жок экендиги, далай кыйынчылыкты акыл менен жеңсе болору, көптөгөн тоскоолдукка туруштук берерин белгилейт.

Адамдагы адамдыктын калыптануусунда жана анын жашоосунда эмгектин ролу чоң экендигин бил-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дирген макал-лакаптар да бар. «Болот отто чыңалат, адам иште чыңалат», «Иштегендин оозу ойнойт, иштебегендин көзү ойнойт», - деп айтышат элибизде. Эмгек гана биздин материалдык жана руханий керектөөлөрүбүздү канааттандырат, эмгек аркылуу дүйнө жаңырат, кооз болуп кайра түзүлөт. Эмгек «адам-коом» карым катнашынын көрүнүшү, адам болмушунун реалдуулугунун, жашап тургандыгынын күбөсү. Эмгек – адамдын жашоо образы, ал аркылуу гана инсандык калыптанып, индивидуалдуулугу аныкталат.

Илимге чейинки дүйнөтаанымда легендарлуу ойчулдардын орду чоң. Алардын көз карашында тигил же бул деңгээлде адам экзистенциясы чагылдырылат. Жашоо маңызы жана анын жашоого карата багытталышы эмпирикалык деңгээлде, турмуштук тажрыйбанын жүрүшү аркылуу интерпретацияланат. Акындардын дүйнөтаанымында болмуштун жалпы мыйзам ченемдүүлүгү, адам жашоосу жөнүндө ой жүгүртүүлөр кездешет.

Жайсан ырчы адам табиятын башкаруучу Кыргызхандын образы аркылуу жана улуу муундун жаштарга болгон мамилеси, кыз-келиндерге карата сый урмат менен мамиле жасоо зарылдыгын баяндоо жолу менен ачып берүүгө жетишкен. Адам жашоосунун маңызы – татыктуу жашап, башкаларга боорукердик менен мамиле жасоо, ынтымак, боорукердик, биримдик аркылуу өз максатына жетүү.

Асан Кайгы адам болмушун адеп-ахлак маселелер менен байланышта карап, жакшылык менен жамандык, сулуулук менен көрксүздүк бири бири менен күрөштө болорун аңдап билген. Айкаштыктын, тең салмактуулуктун, гармониянын бузулгандыгы – жамандыктын үстөмдүгүнүн көрүнүшү, нравалык-моралдык ченемдердин төмөндөп кеткендиги, адамдар ортосундагы сый-урматтын ойлогон абалдан алысташы, жамандыктын үстөмдүгү. Ойчул адилеттүүлүк, гумандуулук, башкаларга карата жылуу мамиледе болуу сыяктуу сапаттарды баалоо менен бирге жаратылышка, адам жашоосуна карата аяр мамиле кылууга чакырат. Мында таш боордук кишинин адамдыгына каршы турган жамандык катары сүрөттөлөт. Асан Кайгы адамдардын тагдыры, жашоосу жөнүндө гана ой жүгүртпөстөн, башка жан-жаныбарга карата да кыжалаттануу, кайгыруу менен карап, боорукер болуу, аяр мамиле жасоо зарылдыгын белгилейт.

Асан Кайгынын дүйнөтаанымы аркылуу «адам-коом» дихотомиясынын мазмуну ачылат. Анын оюнда адам жалпы жыргалчылыкка, биримдикке, айкалыштыкка умтулуусу зарыл. Мындай ишмердик инсандагы нравалык, адеп-ахлактык сапаттарды калыптандырууга, аң-сезимдин өнүгүүсүнө түрткү берет. Ар бир инсан алсыздарга, кароосу жокторго камкордук көрүү зарылдыгын, жакындарына, биргелешип жашап жаткан коомчулукка, мамилелеш болуп жаткан чөйрөгө жана жалпы эле адамзатка баа берүү менен аны кайталангыс баалуулук катары кабылдоосун жогору коет. Ойчулдун дүйнөтаанымында моралдык, адеп-ахлак жагынан калыптанган адамдын болушу – жогорку баалуулук. Анын жашоосу ынтымакка, өз ара түшүнүүгө, бири бирин колдоого негизделиши абзел. Ошондо гана киши акыл-эстүү, өзгөчө сырдуу жандык катары көрүнөт; бул инсандагы өзүн өзү аңдап-билүүсүнүн башаты.

Адам тууралуу илимге чейинки билимдерди элдик акындардын чыгармачылыгы толуктайт. Калыгул адам жашоосундагы жакшылык жана жамандыктын диалектикалык байланышы тууралуу: «Жаман менен дос болсоң, Акыры бир күн доо болот. Жакшы менен дос болсоң, Өлгүчөктү кушташат» [5, 89-б.], - деп эскертет. Демек, жакшылык – адамдагы оң, баалуу сапаттар, ал адамдын түрдүү ишмердиги аркылуу көрүнөт, ал эми жамандык – адамдын терс, туура эмес иш аракеттери катары сындалат.

«Жакшы» жана «жаман» деген түшүнүктөр аркылуу Калыгул адамдагы моралдык-нравалык эки башталыштын диалектикасын көрсөтөт. Адамды ар дайым карама-каршы моралдык-нравалык полярдуу жүрүм турум коштоп жүрөөрүн жана алардын ортосунда тынымсыз күрөш болорун, ал карама-каршылыкта бири экинчисин жеңерин белгилейт. Эгерде адам болмушунда жакшылык орносо анда башка баалуулуктар да үстөмдүк абалга жетишет.

Молдо Кылыч «Кыз жигит» деген ырында адам жашоосунун биосоциалдык өзгөчөлүктөрүн сүрөттөөгө жетишет. Үй-бүлөдөгү баланын калыптанышын анализдеп, он-он экиге жашы жеткенге чейинки мезгил балалык курак катары мүнөздөлөт. Ал эми андан ары анын ой-тилеги, каалоосу өзгөрөт. Жеңижок көз ачып жумганча эле балалык мезгил өтүп, аккан суудай агып, оттой жалыны жалбырттап күйүп кетерин эскерип ырдайт. «Ак бараң мылтык асынап, кырдасаң келбейт балалык. Обонуңду көтөрүп, ырдасаң келбейт балалык» [6, 203-б.] - деп өтмө, кыймылда болуп туруучу адам жашоосунун мезгилин сүрөттөйт. Ал эми Токтогул акын «Таңга маал торгойдой сайрап турган балалык. ...Кайгы капа ойлонбой, жайнап турган балалык» [7, 123-б.] - деп сүрөттөйт да анын түбөлүк турбастыгын эскертет.

Акындардын көркөм дүйнөкабылдоосунда адам тарбия жана билим аркылуу калыптанат. Анткени бул этикалык баалуулук калыптанбаса, анда адамдын инсандыгы ар тараптуу боло албайт. Тарбия адам жашоосунун өзү сыяктуу узак убакытты кучагына алат, ошондуктан, тарбиялоо – көп кырдуу, татаал түзүлүштөгү процесс. Бул мезгилде адамда моралдык принциптер, укук-милдеттер калыптанат, моралдык баалуулуктар өздөштүрүлүп, аны муундан муунга

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өткөрүү жоопкерчилиги туюп сезилет. Бул процессте адамдын өзү да көп кырдуу, татаал жашоо этабын башынан кечирет.

Кыргыз элинин адам жөнүндөгү билимдерине ылайык киши эң башкы, эркин болгон чыгармачыл потенциал, жаңыны жаратуучу катары масштабдуу, ар тараптуу социумга биригет. Адам менен социумдун карым-катнашы аркылуу дүйнөдөгү баалуулуктарды – маданиятты жана цивилизацияны жаратат. Адамдын жаштык курагында инсандын коомдогу орду, жашоосунун маңызы, багытталышы аныкталат. Коом адам жашоосун шарттайт, ага байланыштуу адам ыңгайлашат, зарыл болгон социалдык имманенттүү дүйнөсүн жаратат, жеке өзүнүн потенциалын арттырат жана адам болуп калат. Инсан болуп калыптанышы куурактык жактан алганда, анын жаштык мезгилине туура келет. Ошондуктан жаштык куракта адамдагы адамдык калыптандырылса, коомдун өзү ошого багытталса социум үчүн зарыл болгон адамга жетишүүгө болот.

Кыргыз элинин тарыхый өнүгүү жолунда адамга карата көз караштары илимге чейинки билимдерде топтолуп, муундан муунга өтүп келген. Философиялык көз караштардын мындай моделдеринде салттуу ой жүгүртүү үстөмдүк кылып, философиялык баалуулуктар жаралат. Инсан философиялык ой жүгүртүүнүн үлгүлөрүнүн алып жүрүүчүсү жана «адам-коом» карым-катнашына кирген жалпынын бир бөлүгү болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Жусупакматов Л. Саймалы-Таш сүрөт-жазма сырлары [Текст] / Л.Жусупакматов. - Бишкек: «Илим», 1998. – 208 б.
2. Жусупакматов Л. Саймалы-Таш сүрөт-жазма сырлары [Текст] / Л.Жусупакматов. - Бишкек: «Илим», 1998. - 208 б.
3. Жумагулов М.Ж. Онтология экологической этики [Текст] / М.Ж. Жумагулов / Институт философии и политико-правовых исследований НАН КР. - Б.: Илим, 2010. - 154 с
4. Киргизские пословицы, поговорки и изречения [Текст] - Фрунзе: Мектеп, 1979. - 340 с.
5. История Кыргызстана с древних времен до конца XIX века [Текст]. - Бишкек, 1996
6. Женижок. Чыгармалар [Текст] / Женижок. / Түзгөн А.Жусупбеков. - Бишкек: Мурас, 2004.
7. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. II том [Текст] / Токтогул. - Ф.: Адабият, 1989. - 264 б.